# Европадагы секс-кызматчылардын укугунун Декларациясы

Бул Декларация 2005-жылдын 15-17 октябрында Бельгиянын Брюссель шаарында секс-кызматы, адам укугу жана миграция боюнча өткөрүлгөн Европалык Конференцияда 30 өлкөдөн келген 120 секс-кызматчылары жана алардын 80 колдоочулары тарабынан иштелип чыккан жана макулдашылган.

## Европадагы секс-кызматчылардын Декларациясы бизге эмне үчүн керек?

Европада секс индустриясына, секс-кызматчыларына карата болгон мамиле ар түрлүү – аял, эркек жана транссексуалдарды, секс-кызматчы-мигранттарды, секс-кызматын ишмердүүлүктүн түрү катары легализациялоодон жана эмгек мыйзамдарынын секс-кызматчыларына таралышынан баштап секс-кызматына байланышкан ишмердүүлүктүн кеңири түрүнө тыюу салынышына чейин жана анын кесепетинен секс-кызматчылардын, алардын шериктеринин жана кардарларынын статусунун криминалдашуусуна алып келүүдө.

Акыркы жылдарда уюшулган кылмыштуулукка каршы күрөшкө жана коомдун саламаттыгын чыңдоого багытталган жергиликтүү, улуттук жана эл аралык деңгээлдеги мыйзамдардын көбөйүшү менен секс-кызматчыларынын фундаменталдуу укуктары жана эркиндиги чектелүүгө дуушар болууда. Мындай иш-чаралардын көпчүлүгү ЮНЭЙДС жана ВОЗдун (Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун) саясатына, принциптерине туура келбейт, анткени секс-кызматчыларынын укуктарын чектеп куугунтуктоочу мыйзамдар иш жүзүндө дени сак коом тажрыйбасына тоскоолдук болуп, секс-индустрияны көмүскөгө түртөт, презервативдерди конфискациялоо сыяктуу иш чаралар коопсуз жыныстык катышуу тажрыйбасын жокко чыгарат. Ошондой эле мындай иш чаралар Европарламенттин проституткалык кесиптин криминалдашуусуна каршы болууга чакырган, проституткалар башка жарандар сыяктуу эле тең укукка ээ экендигин белгилеген, жана проституткалардын эркиндигин, саламаттыгын, коопсуздугун коргоого кепил болуучу Аялдарга карата зомбулук боюнча Резолюциясына[1] карама-каршы келет. Мындан тышкары көпчүлүк иш-чаралар Мамлекеттердин жарандардын алдында алган милдеттемелерин бузуу болуп саналат, анткени адам укугунун эл аралык нормаларына ылайык Мамлекеттер өз территориясындагы бардык жарандардын укугун бирдей коргошу жана колдошу керек, ошондой эле ар бир жаран жеке турмушун каалагандай курууга, үй бүлө күтүүгө, өлкөдөн сырткары легалдуу түрдө чыгууга, адамкерчиликсиз жана басмырлоо мамилесинен эркин болууга, маалымат, сөз эркиндигине, ээн-эркин басып жүрүүгө жана бирикмелерге катышууга укугу бар.

Эмгек мигранттарына карата зордук-зомбулук бардык чөйрөлөрдө өсүп жаткандыгына карабастан Европа өсүп жаткан миграцияга жооп катары мигранттардын укугун жана эркиндигин чектөөчү мыйзам кабыл алды. Учурда Босния менен Турция гана 2003-жылдын 1-июлунда кабыл алынган бардык эмгек мигранттарынын жана алардын үй бүлө мүчөлөрүнүн Укугу боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) Эл аралык Конвенциясын ратификациялаган өлкөлөрдөн болуп саналат.

Басмырлоочу мыйзамдар жана көрүнүштөр коомдун саламаттыгын чыңдоо же уюшулган кылмыштуулукка каршы күрөш деген иш-чараларга жамынып секс-кызматчыларынын фундаменталдуу укуктарын жана эркиндигин жергиликтүү, улуттук жана эл аралык деңгээлде чектеп жаткандыгы тууралуу Европадагы секс-кызматчыларынын долбоорлорунда жана уюмдарында курч далилдер келтирилет. Мындай тажрыйба саламаттыкты сактоо жана социалдык жактан коргоо, иш

[1] Аялдарга карата зомбулук жөнүндө Европарламенттин Резолюциясы, 1986г., Doc. A2-44/86.

менен камсыздандыруу, билим берүү системаларында, административдик жана кылмыш-укуктук мыйзамдарда кеңири кездешет. Төмөндө бардык өлкөлөр мисал келтирилбейт, бирок Европада, секс-индустрия легалдуу иштеген өлкөлөрдү кошо эсептегенде дагы, секс-кызматчылары басмырланууга дуушар болбогон жана адамдык укуктары тепселбеген бир дагы өлкө жок.

Австрияда секс-кызматчылар сексуалдык ден соолугун милдеттүү түрдө текшертип турушу керек, бирок ошол эле учурда сексуалдык активдүү башка жарандар милдеттүү эмес, бул болсо секс-кызматчылары "таза эмес" эмес деген имидж таралышына түрткү болот жана басмырлоого жол жок деген принципти бузат.

Финляндияда эгер секс-кызматчылары өз укуктарын коргоо жана бири-бирине жардам берүү, чогуу иштөө үчүн уюшса сот органдары тарабынан куугунтукка алынышат, бул алардын тынчтык чогулуштар менен бирикмелерге катышууга болгон жана ошондой эле эмгекке бакубат шарт түзүүгө болгон укуктарын бузат.

Францияда секс-кызматчынын баласы бой жеткенде ага секс-кызматынын кирешесине жашап жатасың деген күнөө тагылат, бул секс-кызматчысынын жеке жана үй бүлөлүк турмушун сыйлоо жана ага мыйзамсыз кийлигишүүдөн коргоо укугун бузат.

Секс-кызматы легалдаштырылган Грецияда секс-кызматчылары никеге турууга укуктары жок. Эгер никеге турушса легалдуу иштөөгө тыюу салынат, лицензияларын жоготушат. Ошондуктан секс-кызматчылары никеге туруу, үй бүлө күтүү укугу же болбосо кесиптик ишмердүүлүгүн, жашоого каржат табуу укугун тандашат. Эч ким тандоо жасоого мажбурланбоого тийиш.

Италияда полиция секс-кызматчыларга тиешелүү буюмдарды тартып алып ыргытып же өрттөйт, муну менен бирге секс-кызматчылардын жеке менчикке болгон укугу бузулат, мамлекеттин жарандардын жеке менчикке болгон укугун коргоо, бардык адамдар мыйзам алдында бирдей жана басмырлоого каршы мыйзамды коргоо милдеттемесин бузуу болуп саналат.

Секс-кызматы легалдуу эмгек ишмердүүлүгү болуп таанылган Нидерланд өлкөлөрүндө секс-кызматчы-мигранттар эмгектенүүгө уруксат алууга мүмкүнчүлүгү жок *бирден-бир* категория болуп эсептелет, ошону менен алардын басмырлануудан сырткары болуу укугу бузулат, анткени башка чөйрөлөрдө өлкөнүн жараны болбогон адам эгер эмгек мигранттары жөнүндө мыйзамды бузбаса легалдуу түрдө иштегенге уруксат ала алат.

Португалияда (жана башка өлкөлөрдө) секс-кызматчылары өз балдарына социалдык кызматтар же үй бүлөлүк соттор аркылуу кам көрүшөт, бул алардын балдарга зыян алып келүүчү кадамдарынын же ата-энелик милдетин аткара албастыгынын негизинде эмес, тек гана ишмердүүлүгүнө байланышкан, мындай чаралар алардын жеке үй бүлөлүк турмушуна мыйзамсыз кийлигишүүдөн эркин болуу укугун бузат.

Секс-кызматы мыйзамсыз болуп эсептелген Румынияда өкмөт өзүнүн жарандарына секс-кызматы менен алектенүүгө тыюу салган. Румын өкмөтүнүн кысымынын натыйжасында Австрия өкмөтү румындык секс-кызматчыларына эмгектенүүгө берген уруксатын жокко чыгарды, натыйжада Австрияда *легалдуу*

эмгектенген аялдар өз өлкөсүнө кайтканда жоопко тартылышат, бул алардын башка өлкөдөн жумуш издөө жана каражат табуу укугу бузулуу болуп саналат.

Россияда полиция секс-кызматчыларын кулчулукка сатып жиберебиз деп коркутат жана акысыз тейлөөгө мажбурлашат, бул болсо мамлекеттин жарандарды коопсуздугун камсыздандыруучу чараларды көрүүгө берген жана мыйзам алдында бардыгы бирдей деген милдеттемесине карама-каршы келет.

Словакияда саламаттыкты сактоо системасынын кызматкерлери секс-кызматчыларына медициналык жардам көрсөтүүдөн баш тартышат, секс-кызматчылардын бала төрөө мүмкүнчүлүгүнөн күмөн санашып кош бойлуу секс-кызматчыларын кемсинтишет, мындай учурларда физикалык жана акыл-эс ден соолугун чыңдоо жана үй бүлө куруу укугу бузулат.

Испанияда “публичный“ үйлөрдөгү секс-кызматчылары медициналык көзөмөлдөн өтүүгө милдеттүү жана ал үчүн алар үй ээлерине абдан жогорку акыны төлөшөт. Бул көзөмөлдүн жыйынтыктары көмүскөдө сакталбайт, мамлекет алардын жеке турмушка, ден соолугун сактоого болгон укугун коргоочу чаралар менен камсыздандырбайт жана  медициналык жардам көрсөтүү жөнүндө мыйзамдарды сактабайт.

Швецияда саясатчылар менен политтехнологдор эгер ачык дебаттарга секс-кызматчылары катышса биз катышпайбыз деп шарт коюшат, натыйжада секс-кызматчылары ачык дебаттардан чыгарылып турат, бул болсо алардын өз ой-пикирлерин эркин билдирүү укуктарынан ажыратуу болуп эсептелет.

Секс-кызматы көчөдө тыюу салынган Улуу Британияда эркин басып жүрүүнү чектөөчү Анти-социалдык жүрүм-турум Ордердери колдонулат; кээ бир райондордо секс-кызматчылардын аты-жөнү жана сүрөттөрү тартылган бարактар таратылат жана илинет, бул алардын жеке турмушка болгон укугун бузат жана секс-кызматчыларына карата басмырлоону, зордук зомбулукту күчөтөт.

Эл аралык укуктук нормаларга ылайык адамдын фундаменталдуу укугу бул – “бардык адамдар мыйзам алдында тең укуктуу жана мыйзам эч кандай басмырлоого жол бербеши  керек". Бирок Европада иш жүзүндө мыйзам алдында бардык адамдар бирдей эмес деп саноого негиз берүүчү айкын далилдер бар. Европада секс-кызматчыларга карата колдонулган мыкаачылыктан, басмырлоодон жана зордук-зомбулуктун ар кандай түрлөрүнөн коргоо үчүн соттордо укуктук системаны  колдонуудан баш тартууга ар түркүн себептер табыла берет.

## Декларациянын тарыхы

Декларациянын түзүлүш жолу голландиялык секс-кызматчылардын жана сексуалдык кызматчылардын укуктарын коргоочу активисттердин тармагы болгон SIGN – нидерландылык секс-кызматчылардын Демилгелүү Тобу тарабынан сунушталган.
SIGN жаралышы Европадагы секс-кызматчылардын укугун коргоого жана конференцияны уюштурууга кызыкдар болгон Европадагы адамдар үчүн кеңири база түзүү багытына карай алгачкы кадам болгон. 2003-жылдын июнунда SIGN

бүткүл Европадагы секс-кызматчыларды конференцияга катышууга, биригүүгө жана уюштурууга көмөктөшүүгө чакырган. 2004-жылдын январында 15 адамдан турган эл аралык Уюштуруучу Комитети (УК) түзүлгөн, ага көпчүлүгү бир нече Европа өлкөлөрүндө мурда же учурда иштеген секс-кызматчылары менен мигранттар кирген.
УК Европанын бардык өлкөлөрүндө өкүлчүлүктөрү же топтору жок, бирок Европа жана андан башка мамлекеттердеги бир топ секс-кызматчылар тарабынан колдоого ээ.
УК Европадагы секс-кызматчылардын укугунун Декларациясы Конференцияны уюштурууга негиз болот жана секс-кызматчыларынын укуктарына болгон тынчсызданууну жогорулатуу муктаждыгына жооп издейт, ошондой эле секс-кызматчылардын укуктарынын бузулушуна каршы иш чараларды кабыл алуу үчүн изилденип чыгуучу маселелерди аныктайт деп чечти.

УК конференцияны координациялап жана келечектеги демилгелер үчүн негиз боло турган - Европадагы секс-кызматчыларынын укугу боюнча Эл Аралык Комитет (ЕСКУЭАК)-(ICRSE) деген юридикалык уюмду түздү.

Эң алгачкы максат Декларацияны түзүү деп белгиленсе дагы Европадагы секс-кызматчыларынын укугу боюнча Эл Аралык Комитет Декларацияда келтирилген принциптерди кабыл алууга коомдук жана саясий чөйрөлөрдүн көңүлүн бурдуруу стратегиясын иштеп чыгууга чечим чыгарды.

## Декларация деген эмне?

Декларация укуктук документ болуу максатын көздөбөйт жана ал Европадагы секс-кызматчылардын укугун коргоочу укуктук база болуп бере албайт. Декларация тек гана эл аралык укуктук нормаларга ылайык секс-кызматчыларынын адамдык, эмгектик укуктарын жана мигранттардын укугун аныктайт жана мамлекет милдеттүү түрдө камсыздандыруу керектигин көрсөтөт:

- Алар укук бузууга жол бербеши керек
- Алардын укуктары бузулбашы керек
- Мамлекеттик бардык структуралар көпчүлүктөн айырмаланган адамдардын өз укуктарын пайдалана алышына кепил болуусу жана шарт түзүп берүүсү керек.

Декларация эл аралык келишимдерде жана конвенцияларда белгиленген бардык адамдардын укугун коргоону камсыздандыруучу жана секс-кызматчыларынын укуктарын коргоо боюнча сунуштарды камтыйт.

Декларациянын биринчи бөлүмүндө Европадагы бардык адамдардын укуктары белгиленген. Булар бардык учурларда Европадагы өкмөттөр тарабынан кабыл алынган эл аралык келишимдерден алынган жөнөкөй гана сунуштар.

Декларациянын экинчи бөлүмүндө Декларацияны кабыл алгандар Европадагы секс-кызматчылардын укугун сактоо жана коргоо менен камсыздандыруу боюнча ар бир укукка тиешелүү чара көрүүнү сунуштайт.

Декларациянын ушул долбооруна негиз болгон эл аралык келишимдер:
1. Жарандык жана саясий укуктар тууралуу БУУ Эл Аралык Келишими, 1966-ж.

2. Экономикалык, социалдык, маданий укуктар тууралуу БУУ Эл Аралык Келишими, 1966-ж.
3. Аялдарды басмырлоонун бардык түрлөрүн кыскартуу тууралуу БУУ Конвенциясы, 1979-ж.
4. Бардык эмгек мигранттарынын жана алардын үй бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо тууралуу БУУ Конвенциясы, 1990-ж.
5. Качкындардын Статусу тууралуу БУУ Конвенциясы, 1951-ж.
6. Эмгекке мажбурлоо же милдеттендирүү тууралуу Эл Аралык Миграция Уюмунун (ЭАМУ) Конвенциясы (№ 29), 1930-ж.
жана Эмгекке мажбурлоону жоюу тууралуу Конвенция (№ 105), 1957-ж.
7. Ассоциациялардын эркиндиги жана уюмдарды түзүү укугун коргоо тууралуу ЭАМУ Конвенциясы (№ 87), 1948-ж.
8. Эмгек мигранттары тууралуу ЭАМУ Конвенциясы (Кошумча Жобо) (№ 143), 1975-ж.[2]
9. Адамдын укугун жана фундаменталдуу эркиндигин коргоо боюнча Европалык Конвенция, 1950-ж.
Мындан сырткары, фундаменталдуу Декларацияларга таянат:
10. Адам укугу тууралуу БУУ универсалдуу Декларациясы, 1948-ж.
11. Инсандын милдети жана укугу тууралуу БУУ Декларациясы , 1999-ж.
12. Аялдарга карата зомбулукту кыскартуу БУУ Декларациясы, 1993-ж.
13. Кылмыштуулуктан жана зордук-зомбулуктан жабыркагандарга карата укуктук соттордун негизги принциптери тууралуу БУУ Декларациясы, 1985-ж.
14. Эмгекке байланыштуу фундаменталдуу принциптер жана укуктар тууралуу ЭАМУ Декларациясы, 1998-ж.
15. Эмгек мигранттарына ЭАМУ сунушу, (№ 151), 1975-ж.
16. Европалык Социалдык Хартия, 1961 & 1996-ж.
17. Фундаменталдуу укуктар тууралуу ЕС Хартиясы, 2000-ж.

Европадагы секс-кызматчылардын укугу боюнча Эл Аралык Комитет аталган келишимдерден басмырлоочу мыйзам жана тажрыйбага туш болуу коркунучу алдында турган укуктарды тандап алды. Булар:

- Жашоого болгон укук (1, 4, 10, 11, 12)
- Инсандын коопсуздугу жана эркиндиги укугу (1, 4, 10, 11, 12)
- Эмгекке мажбурлануу жана сервитуттан, кулчулуктан эркин болуу укугу (1, 4, 5, 10, 11, 12)
- Кыйноого алынуудан, кемсинтүүдөн же начар мамиледен эркин болуу укугу (1, 10, 11, 12)
- Зомбулуктан, физикалык жактан зыянга учуроодон, коркутуп-үркүтүүдөн эркин болуу укугу (10)
- Жеке жашоосун, үй бүлөлүк турмушун коргоо жана жеке турмушка, үй бүлөгө же кат алышууга мыйзамсыз кийлигишүүдөн, абийир, ар-намысына шек келтирүүдөн эркин болуу укугу (1, 2, 4,10, 11, 12)
- Никеге туруу жана үй бүлө куруу укугу (1, 11, 12)
- Ээн-эркин басып жүрүү жана турак-жай тандоо эркиндиги (1, 4, 12)
- Өз өлкөсүнө, ошондой эле каалаган өлкөгө келип-кетүү укугу (1, 10, 12)
- Баш паанек суроо жана өз өлкөсүндө кысымга, зомбулукка кабылса кайтпай коюу укугу

[2]**NB:** 2-ст.: Эмгек мигранттарынын Конвенциясы, 1990-ж., анда эмгек мигранты бардык адамдардай эле “өлкөнүн жараны болбосо дагы ошол өлкөдө акы төлөнө турган эмгек ишмердүүлүгүнө катыша алат“.

- Мыйзам алдында тең укуктуулук жана басмырлоодон, басмырлоого алып келүүчү жагдайлардан коргоо укугу [1, 4, 12]
- Адилеттүү сот тергөөгө болгон укук [1, 4, 10, 11, 12]
- Эркин ой жүгүртүүгө жана ой-пикирин билдирүүгө укугу [1, 4, 10, 11, 12]
- Эмгеккке, каалаган эмгек ишмердүүлүгүн эркин тандоого жана эмгектенүүгө адилеттүү, бакубат шарттарды түзүүгө, жумушсуздуктан корголуу укугу [2, 12]
- Физикалык, акыл эс ден соолугунун чыңдоо, жакшыртуу укугу [2]
- Тынчтык чогулуштарга жана бирикмелерге укугу [1, 11, 12]
- Ассоциация уюштуруу эркиндиги, жана бирикмелерди түзүү *(мыйзамдуу мигранттар үчүн сакталган)* жана кирүү укугу [1, 2, 6, 10, 11, 12]
- Мыйзамдуу жана мыйзамсыз мигранттар үчүн маалымат алуу укугу [4, 10]
- Сапаттуу дарылануута болгон укугу [1, 11, 12]
- Басмырлоодон сырткары болуу принциби [1, 2, 11,]
- Этникалык жана сексуалдык маселелерге байланыштуу артыкчылыктар же аял менен эркектин ролу тууралуу калыптанып калган көз караштар, адаттар, стереотиптер менен күрөшүү Мамлекеттердин милдети [3]

Декларациянын өзүндө биз Европада жол берилип жаткан эң олуттуу укук бузууларга басым жасадык. Декларация секс-кызматчыларды өзгөчө укуктар менен камсыздандырууну талап кылбайт, бирок Декларация секс кызматын көрсөткөндүгү үчүн секс-кызматчыларды эл аралык мыйзамдарга ылайык бардык адамдар ээ болгон фундаменталдуу укуктарынан ажыратууга негиз жок деген принципке таянат.

## Тилектештик

Бүткүл Европа боюнча аялдарга, эркектерге же транссексуалдарга, мигранттарга карата адамдык укуктарды коргоону коллективдүү талап кылууну өнүктүрүүдө чечүүчү кадам болгон Декларациянын жаралышына жана кабыл алынышына мүмкүнчүлүк түзгөн интенсивдүү консультациялар (кеңешмелер) өткөрүлдү. Биз ар түркүн тажрыйбалуу жана келечеги бар көпчүлүктү чогултуу менен Европадагы секс-кызматчыларынын укуктарын урматтоону жайылтуу муктаждыгын баса белгилей алдык. Декларациянын жаралышы секс-кызматчылары менен укуктары бардык учурларда эле сактала бербеген маргиналдуу топтордун жалпы окшоштуктарын көрсөтүүгө жардам берет.

Декларация бизге Европадан башка өлкөлөр менен байланыш түзүүгө шарт түзөт. Атайын Европага ылайыкталгандыгына карабастан Декларация бизди тил – дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө түшүнүктүү болгон жана аларды бириктирүүчү укуктук тил менен камсыздандырат.

## Декларациянын пайдасы

Маалымат бул күч кубат. Декларация колдонулуп келген укуктарды коргоо менен бирге, биринчиден, секс-кызматчылардын укуктарын адилеттүү коргоого мүмкүнчүлүк түзүүчү курал боло алат.

Экинчиден, Декларация бизде кандай жетишкендиктер, өсүштөр бар жана келечектеги иш-аракеттерди кайсы тарапка багыттаарыбызды көрсөтүүчү негиз болуп бере алат. Ошондой эле универсалдуу кабыл алынган укуктардын сакталышын коргоо боюнча жана жеке учурларда секс-кызматчыларынын укуктары тебеленген жагдайларда коргоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болууга уюмдар жана топтор үчүн негиз болуп берет.

Үчүнчүдөн, Декларация адилеттүү саясат жана басмырлоосуз тажрыйбага жетишүүнү көздөгөн уюмдар жана мекемелердин иш-аракеттерине багыт бере алат.

Бул декларация биз келечекке көз чаптырып туруучу бийиктик болуп бере алат. Ал бизге сунушталган мыйзамдар секс-кызматчылардын укуктарын урматтап же басмырлап жаткандыгын аныктоого жардамдашат. Ошондой эле Декларация биздин алдыбызга узак мөөнөттүк максат коет – коомчулуктун *ар бир* адамдын укугун урматтоо дени сак коомдун ажырагыс бөлүгүндөй кабыл алышына жетишүү болуп саналат.

**Эгер сиз колдоңуз келсе же сизде адам укугун жайылтуудагы жетишкен ийгиликтер же кетирилген кемчиликтер боюнча далилдер болсо, анда Европадагы секс-кызматчылардын укугу боюнча Эл Аралык Комитетке кайрылыңыз, declaration@sexworkeurope.org**

## Европадагы секс-кызматчылардын укуктарынын Декларациясы

## Киришүү

Бул Декларация секс-кызматчылар жана алардын укуктарын, бакубаттыгын жайылтууну көздөгөн уюмдар тарабынан түзүлгөн. Бул Декларацияда адам укуктары тууралуу эл аралык мыйзамдарга ылайык Европадагы бардык адамдардын анын ичинде секс-кызматчыларынын укуктары көрсөтүлгөн; ошондой эле Декларация Декларацияны кабыл алгандардын оюу боюнча укуктарды урматтоо жана коргоо менен минималдуу камсыздандыруу үчүн талап кылынган иш-чаралар менен сунуштарды камтыйт. Бул укуктар кулчулук, легалсыз миграция, терроризмге каршы күрөшкө багытталган программалар жана иштелип жаткан жана жүргүзүлүп жаткан саясатта корголушу жана урматталышы керек.

## Декларация

Адам укугу тууралуу эл аралык мыйзамдарга ылайык Европадагы бардык адамдар, анын ичинде секс-кызматчылар, төмөнкү укуктарга ээ. Европадагы бардык мамлекеттер урматтап, коргоп жана сактоого милдеттүү:

I. Жашоого, эркиндикке жана жеке коопсуздукка болгон укук.

II. Жеке жана үй бүлөлүк турмушка, турак-жайга жана кат алышууга мыйзамсыз кийлигишүүдөн, абийир, ар-намысына шек келтирүүдөн эркин болуу укугу.

III. Физикалык жана акыл-эс ден соолугун чыңдоо укугу.

IV. Ээн-эркин басып жүрүү жана турак-жай тандоого болгон укук.

V. Кулчулуктан, эксплуатациядан жана эмгекке мажбурлоодон эркин болуу укугу.

VI. Мыйзам алдында тең укуктуу жана басмырлоодон же жынысы, расасы, жарандыгы, сексуалдык ориентациясына карап ар кандай басмырлоого түрткөн учурлардан коргоо укугу.

VII. Никеге туруу жана үй бүлө куруу укугу.

VIII. Эмгектенүү, эмгек ишмердигинин каалаган түрүн тандоо жана жумуш ордунда адилет жана бакубат шарт түзүүгө болгон укук.

IX. Тынчтык чогулуштар жана бирикмелерге болгон укук.

X. Каалаган өлкөгө, ошондой эле өз өлкөсүнө келип-кетүү укугу.

XI. Зордук-зомбулукка, куугунтукка алынган учурларда баш паанек суроо жана кайра кайтып барбоо укугу.

XII. Коомдун маданий жана коомдук турмушка катышуу укугу.

Адамдардын бул укуктары Европалык Парламентер колдоого макулдук берген эл аралык келишимдерде белгиленген.

Мындан тышкары аталган келишимдердин көпчүлүгү басмырлоого каршы статьяларды камтыйт: бардык укуктар раса, өң-түс, жыныс, тил, дини, саясий же башкача ойлогондор, улутка, улуттук азчылыкка тиешелүүлүгү же социалдык абалына, менчигине, төрөлүшүнө же *башка статусуна* жараша басмырлоосуз корголушу керек.
Ошондой эле, адам укугу боюнча БУУ Комитети 15-жалпы түзөтүүдө кабыл алган: «Келишимде аталган ар бир укук жарандарды жана чет өлкөлүктөрдү басмырлоодо кепил болушу керек».

Бул укуктар бардык адамдарга бирдей таралышы керек болсо дагы, Европадагы секс-кызматчылардын тажрыйбасы Мамлекеттер алардын укугун башка жарандар менен бирдей деңгээлде коргобой тургандыгын айгинелеп турат.

Ошондуктан, биз Европадагы секс-кызматчылардын укуктарынын коомдук декларациясын түздүк жана алардын корголушуна, сакталышына жетишүүгө милдеттеме алдык.

## I. Жашоо, эркиндик жана коопсуздук

Секс-кызматчылар жашоого, эркиндикке, жеке коопсуздукка ошондой эле өз сексуалдуулугун аныктоого укуктуу, ушуга байланыштуу биз мындай деп эсептейбиз:

1. Эч ким өз эркинен тышкары сексуалдык кызмат көрсөтүүгө же ыңгайсыз, пайдасыз шарттарда сексуалдык кызмат көрсөтүүгө мажбурланбашы керек.

2. Презервативдер ден соолугун жана коопсуздугун коргоо үчүн секс-кызматчыларына эң зарыл; ошондуктан секс-кызматчыларынан презервативдерди конфискациялоо (тартып алуу) токтотулушу керек.

3. Өкмөттөр бардык өлкөлөрдө секс-кызматчыларына карата, анын ичинде укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан дагы, колдонулуп келе жаткан зордук-зомбулуктун, алардын өмүрүн кыюнун адилетсиз жогорку деңгээлине бөгөт коюсу керек.

## II. Жеке жана үй бүлөлүк турмуш

Секс-кызматчылары жеке жана үй бүлөлүк турмушка, турак-жайга жана кат алышууга мыйзамсыз кийлигишүүдөн, абийир, ар-намысына шек келтирүүдөн эркин болууга укуктуу, жана бул укуктарды сыйлоо үчүн:

4. Эч ким өз ара мамиле, карым-катыштарды түзүү жана өнүктүрүү укугунан ажыратылбашы керек[3]; секс-кызматчылардын шериктерин жана алардын

[3] Адам укугу боюнча Европалык Соттун Чечимине ылайык, жеке турмушка болгон укук “башка адамдар менен, өзгөчө эмоционалдык чөйрөдө, жеке кызыкчылыгын көздөп

чоң балдарын басмырлап “сутенер“ атка кондурууга эч кимдин акысы жок, ал эми башка адамдар үчүн алар секс-кызматчылары менен мамиле, карым-катыш түзүүгө акысы жок деп тыюу салуу секс кызматынан баш тартууга алып келет.

5. Секс-кызматчылары канча бала болууну каалоого жана ал балдар кайда , кантип тарбияланышы керектигин аныктоого укуктуу. Секс-кызматы менен алектенүү алардын ата-эне болуу же бала багуу мүмкүнчүлүгүн аныктоого негиз болбошу керек.

## III. Ден соолук

Секс-кызматчылар иммиграциялык статусуна карабастан физикалык жана акыл эс, ошондой эле сексуалдык жана репродуктивдүү ден соолугун чыңдоого, жакшыртууга укуктуу, ошондуктан бул укукту коргоо үчүн:

6. Эч кимден милдеттүү түрдө сексуалдык ден соолугун текшертүүнү жана ВИЧ-анализ тапшырууну талап кылбоо керек. Бардык текшерилүүлөр ден соолукту сактоо максатында жүргүзүлүшү жана текшерилген адамдардын укугу сакталышы керек.

7. Сексуалдык ден соолук жана ВИЧ-статус тууралуу маалымат көмүскөдө сакталышы керек.

## IV. Ээн-эркин басып жүрүү

Секс-кызматчылар ээн-эркин басып жүрүүгө жана турак-жай тандоого укуктуу, ушуга байланыштуу:

8. Адамдар секс-кызматы менен алектенгендигине байланыштуу чет өлкөлөргө барып келүү эркиндигине эч кандай чектөө коюлбашы керек.

9. Өлкөнүн ичинде ээн-эркин басып жүрүүгө эч кандай бөгөттөр коюлбашы керек. Секс-кызматчыларын тескөөчү бардык деңгээлдеги мыйзамдар ээн-эркин басып жүрүү, турак-жайына, үй бүлөсүнө келип-кетүү же башка кызматтардан пайдалануу укугун чектебөөсү керек.

## V. Кулчулуктан жана эмгекке мажбурлоодон эркиндик

Секс-кызматчылары кулчулуктан, эмгекке мажбурлануудан жана сервитуттан тышкары болууга укуктуу, ошондуктан:

10. Секс-кызматчыларды эмгек укуктары менен камсыз кылуучу чаралардын көрүлүшү зарыл, секс-кызматчылары эмгек укуктары жөнүндө маалымат алышы керек жана эмгекке мажбурлануучу жагдайлардан бошонуу үчүн алар бардык процедуралар жана стандарттар менен пайдалана алууга шарт түзүү керек.

---

байланыш түзүү укугун“ камтыйт. Даджен Кошмо Королевстваларга каршы, Адам укугу боюнча Европалык Соттун Чечими (1981-ж.) 4 EHRR 149.

11. Адамдарды сатуу, эмгекке мажбурлоо жана кулга айландыруу сыяктуу тажрыйбалардын курмандыгы болгон адамдардын укуктарын камсыздандыруучу жана алардын адамдык укуктарын коргоо, урматтоо үчүн чаралар көрүлүшү керек. Алардын укук коргоо органдары менен кызматташууну каалоо, каалабастыгына карабастан аларга укуктук жана юридикалык жардам көрсөтүү, анын ичинде компенсация төлөп берүүгө шарт түзүү үчүн жашоого (турак-жайга) уруксат берилиши керек. Кулчулуктун курмандыктары эгер алар өлкөгө кайткандан кийин кайрадан кулчулукка же башка кырсыктарга кабылуу коркунучунда турса, анда алар өлкөгө кайтарылып берилбеши керек.

## VI. Мыйзам алдында тең укуктуулук & Басмырлоодон коргоо

Секс-кызматчылары мыйзам алдында бирдей, сапаттуу юридикалык жардам алууга жана жана басмырлоодон, *ар кандай* басмырлоого түрткөн учурлардан корголуу укугуна ээ, ошондуктан:

12. Секс-кызматчылары укук бузушпаса жана сексуалдык кызмат көрсөтүү легалдуу болгон учурларда укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин кызматтык абалынан пайдаланып секс-кызматчыларынын ишине кийлигишип алардын тынчын алуусуна тыюу салуу керек. Кылмыш ишине аралашкан же камалган учурларда секс-кызматчы статусуна карабастан укук коргоо органдарынын кызматкерлери бардык күнөөлөнүүчү же жабыр тартуучунун укугун сыйлоо керек.

13. Мамлекеттер секс-кызматына тиешелүүлүгү же иммиграциялык статусуна карабастан ар бир адамга карата жасалган кылмышка байланыштуу тергөө иштерин жүргүзүүдө жана өкүм чыгарууда жоопкерчиликтүү, ошондой эле кылмыш жана жаза системасы секс-кызматчылары билдирген кылмыш иштерине карата тиешелүү чара көрө ала тургандыгына кепил болуучу иш-чараларды кабыл алышы керек. Ал үчүн атайын окутуулар жүргүзүлүшү, укук коргоо органдарынын офицерлерин, прокурор жана тергөөчүлөрдү тандоо зарыл. Сот учурунда секс-кызматчынын секс-кызматына тиешелүү экендигине байланыштуу күбөдөн өтүшү четке кагылбашы керек.

14. Эч кимдин укук коргоо органдары тарабынан өздүк буюмдары конфискацияланбашы (тартып алынбашы) жана жок кылынбашы керек.

Басмырлоодон коргоо укугун сыйлоо үчүн биз сунуштайбыз:

15. Эч ким секс-кызматына тиешеси бар экендиги үчүн жарандык жана үй бүлөлүк соттордо четтетилбеши/басмырланбашы керек.

16. Секс-кызматчыларын жана алардан көз каранды болгондорду алар иштеген жана жашаган райондордо, юридикалык кызматтарда, бала багууда, социалдык жана медициналык кызматтардан пайдаланууда, социалдык жактан камсыздандырууда, жеке камсыздандыруу компаниялардын басмырлоосунан коргоочу иш-чараларды кабыл алуу зарыл.

17. Секс-кызматчыларын басмырлоону азайтууну көздөгөн атайын мамлекеттик жана кесиптик окуу жайлары болушу керек.

## VII. Никеге туруу & үй бүлө сабаттуулугу

Секс-кызматчылары никеге турууга жана үй бүлө курууга акылуу, ошондуктан ибз ойлойбуз:

18. Секс-кызматына тиешелүүлүгү секс-кызматчынын өзү каалаган адам менен никеге туруушуна, үй бүлө куруп жана өз балдарын тарбиялоодо кедерги болбошу керек.

19. Секс-кызматына тиешелүүлүгү секс-кызматчынын жана анын үй бүлө мүчөлөрүнө медициналык жардам алууда жолтоо болбостугуна Өкмөттөр кепил болушу керек, ошондой эле бийлик органдары жана саламаттыкты сактоо кызматы тарабынан секс-кызматчыларына жана алардын үй бүлөлөрүнө карата басмырлоого жол берилбешине жана алардын жеке жана үй бүлөлүк турмушка болгон укугу сыйланышына кепилдик бериши керек.

## VIII. Эмгек жана жумуш ордунда адилеттүү, бакубат шарт түзүү

Секс-кызматчылардын эмгектенүүгө, эмгек ишмердигинин каалаган түрүн тандоо жана жумуш ордунда адилет жана бакубат шарт түзүүгө укугу бар, ошондуктан:

20. Сексуалдык кызматтын эмгек ишмердүүлүгү же кесип деп эсептелбеши секс-кызматчылардын ишине терс таасирин тийгизүүдө, ошондой эле аларды улуттук жана Европалык эмгек мыйзамдарынан пайдалануу укугунан ажыратууда.

21. Секс-кызматчылары ички жана сырткы күчтөрдүн таасирисиз өзүлөрү көрсөтүп жаткан секс-кызматынын шарттарын жана башка жагдайларын аныктоого мүмкүнчүлүк алышы керек.

22. Секс-кызматчылар коопсуз жана ден соолукка зыянсыз жумуш орундары менен камсызданышы керек; секс-кызматчылары ким үчүн иштеп жаткандыгына карабастан алар үчүн ден соолук жана коопсуздук жөнүндө маалыматтар так, өз учурунда жеткирилиши керек. Секс кызматчылары кызматына байланыштуу милдеттүү түрдө алкоголь ичимдиктерин ичүүгө жана башка зыяндуу заттарды колдонууга мажбурланбашы керек.

23. Бардык адамдар жумуш орундарында жакшы мамилеге, карым-катышка укуктуу жана жыныстык катышка мажбурлануудан корголууга укуктуу; секс-индустриясынын жумуш орундарында секс-кызматчыларына карата зомбулук менен кордук көрсөтүүдөн эркин болууну жана секс-кызматчыларын сыйлоону жайылтуу зарыл.

24. Секс-кызматчылары адилеттүү эмгекке акылуу жана социалдык камсыздандыруу, ден соолугуна байланыштуу акы төлөнгөн эс алууга, кош бойлуулугуна жана бала багып жаткандыгына байланыштуу эс алууга, акы төлөнгөн эс алууга чыгууга укуктуу, ошондой эле эгер жумуштан бошотулса же чыгып кетишсе жумушсуздук пособиесин алууга акылуу.

25. Жумуш орундарында секс-кызматчылары тамак-аш жана башка эң негизги керектелүүчү нерселер менен камсыздануусда жана батир акысын төлөөдө ал

орун секс-кызматы үчүн колдонулуп жаткандыгына байланыштуу кымбат акыны төлөгөнгө мажбурланбашы керек.

26. Эч ким секс-кызматына тиешеси бар экендигине байланыштуу жумуштан бошотулбашы жана эмгек ишмердүүлүгүндө тоскоолдукка учурабашы керек.

## IX. Тынчтык чогулуштар жана бирикмелер

Секс-кызматчылар тынчтык чогулуштарга жана бирикмелерге катышууга укуктуу, ошондуктан:

27. Секс-кызматына катышкандыгы үчүн секс-кызматчыларынын биригүү, чогуу иштөө жана коллективдүү келишим түзүп өз укуктарын коргоо мүмкүнчүлүктөрүнө тыюу салынбоо керек.

## X. Өз өлкөсүнө келип-кетүү

Секс-кызматчылар каалаган өлкөгө, ошондой эле өз өлкөсүнө келип-кетүү укугуна ээ, ошондуктан:

28. Секс кызматына катышуу ар бир адамдын өз өлкөсүнө келип-кетүүгө болгон мыйзамдуу укугун чектөөгө негиз болбошу керек, эгер кайтып келсе коопсуздугунун сакталышына кепилдик болушу керек.

# XI. Баш паанек жана зомбулук, куугунтукка учураганда кайтпай коюу укугу

Секс-кызматчылары зордук-зомбулукка, куугунтукка алынган учурларда баш паанек суроо жана кайра кайтпай коюу укугуна ээ, ошондуктан бул укукту сыйлоо үчүн:

29. Өкмөттөр секс кызматына катышкандык баш паанек суроо укугун колдонууда тоскоол болбойт жана зомбулук, куугунтукка учураганда кайтарылып берилбейт деп кепилдик бериши керек.

# XII. Коомдук турмушка катышуу

Секс-кызматчылар коомдун маданий жана коомдук турмушуна катышууга укугу бар, андыктан:

30. Секс-кызматчылардын бардык адамдар сыяктуу эле алардын жашоо, эмгек шарттарына байланышкан саясатты иштеп чыгууга жана мыйзамдарды жаратууга катышууга укуктары бар.

## Европадагы секс-кызматчылардын Декларациясынын тарыхы

Европадагы катаалданып бараткан мыйзамдарга, саясатка жана тажрыйбаларга жооп катары секс-кызматчыларынын үндөрү жетиш үчүн нидерландылык секс-кызматчылардын чакан тобу жана алардын колдоочулары 2002-жылы Конференция уюштурууга чогулушкан. Бул чакан топ Европадагы башка секс-кызматчыларга, секс-кызматчылардын долбоорлоруна жана секс-кызматчылардын адамдык укугун коргоочуларды биригүүгө чакырык таштаган. Көпчүлүгү секс-кызматчыларынан турган Уюштуруу Комитети түзүлгөн. Конференцияны уюштуруу жана каражат чогултуу үчүн Европадагы секс-кызматчылардын Укугу боюнча Эл аралык Комитет каттоодон өткөн.

Комитет конференция секс-кызматчылар өзүлөрү жана укуктары тууралуу жарыялоо максатын аркалоо менен бирге Европадагы секс-кызматчылар өз укуктарын коргоо үчүн колдонууга мүмкүн болгон куралдарды иштеп чыгууну жана адам укуктарын коргоо, эмгек, мигранттар боюнча иш алып барган уюмдар менен биригүүнү көздөйт деп чечим кабыл алган. Комитет иштеп чыгуу керек деп эсептеген куралдардын бири катары

- **Европадагы секс-кызматчылардын укугу тууралуу Декларация – секс-ызматчылар жана эл аралык эксперттер тарабынан түзүлгөн. Анда Европадагы секс-кызматчылардын бузулган укуктары келтирилген, Европадагы мыйзамдарга ылайык секс-кызматчылар бардык адамдар сыяктуу укукка ээ жана мамлекеттер секс-кызматчылардын укуктары сакталышын камсыздандыруу жана коргоо, сыйлоо үчүн иш-чараларды аныктоо керек экендиги айтылат.**

Комитет бир жыл ичинде бүткүл Европадагы секс-кызматчылары менен кеңешмелерди өткөргөн, бул кеңешмелердин жыйынтыктары салыштырылып бир документке чогултулган. Секс-кызматчыларынын көпчүлүгүнүн ой-пикирлери Декларациянын долбооруна негиз болуп берди жана Конференцияда секс-кызматчылары тарабынан талкууга алынган.

Европадагы секс-кызматчылардын Декларациясы 2005-ж. 16-октябрында секс-кызматы, адам укугу жана миграция боюнча Европалык Конференцияда 30 өлкөдөн келген 120 секс-кызматчысы жана алардын 80 колдоочулары тарабынан кабыл алынган жана 2005-ж. 17-октябрында Конференциянын үчүнчө күнүндө Моника Фрацони, италиянын Европалык Парламентинин мүчөсү, Жашылдар Партиясы Альянсынын – Эркин Европа Партиясынын өкүлүнүн катышуусу менен жана Витторио Анголетто, италиянын Европалык Парламентинин мүчөсү, Европалык Бириккен Солдордун Партияларынын




Конфедералдык Топторунун – Түндүк Жашыл Солдордун өкүлү тарабынан кабыл алынган жана кол коюлган

## Келечек

Европадагы секс-кызматчылардын Декларациясы Европага алгач англис тилинде Европадагы секс-кызматчылардын веб-баракчасы аркылуу таркатылат. Секс-кызматчылары бул документти француз, немис, орус жана испан тилдерине (Конференциянын башка тилдерине) которушат.

Биз келечекте Европада сүйлөгөн дагы башка тилдерге которууну уюштура алабыз деп ойлойбуз.

**Биз башкалар дагы Европадагы секс-кызматчылардын адамдык укуктарын колдойт жана бул Декларациянын алдына өз колдорун коёт деп ишенебиз.**

For more information go to **www.sexworkeurope.org** or email **declaration@sexworkeurope.org**


INTERNATIONAL COMMITTEE ON THE RIGHTS OF SEX WORKERS IN EUROPE

I • C • R • S • E

P.O. Box 51319, 1007 EH Amsterdam, the Netherlands



INTERNATIONAL COMMITTEE ON THE RIGHTS OF SEX WORKERS IN EUROPE

I • C • R • S

P.O. Box 51319, 1007 EH Amsterdam, the Netherlands



Website: http://www.sexworkeurope.org